Тилге жеңил, таразада оор жана Ырайымдуу (Аллахка) сүйүктүү болгон эки сөз бар. Ал: «Субханаллахиль-азыими, Субханаллахи уа бихамдихих

Абу Хурайра (Аллах андан ырааазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Тилге жеңил, таразада оор жана Ырайымдуу (Аллахка) сүйүктүү болгон эки сөз бар. Ал: «Субханаллахиль-азыими, Субханаллахи уа бихамдихих».

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адам эч кыйынчылыксыз, ар кандай абалда да айта турган эки сөздү, алардын таразада чоң сооптуу экенин жана Раббибиз, Мээримдүү, Улуу Аллах Таала аларды жакшы көрөрүн айтты. Алар: «Субханаллахиль-азиим, Субханаллахи уа бихамдихих». Бул эки сөз Аллахтын улуу жана кемчиликсиз деген сыпаттарын жана Улуу Аллах Тааланын бардык кемчиликтерден аруу экенин камтып алган сөз.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5507